ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

АБДЫЛДАЕВА Т.А.
lib.knu@mail.ru

ААЛАМДАШУУНУН ШАРТТАРЫНДА ИСЛАМДЫ МОДЕРНИЗАЦИЯЛООНУН СЕБЕПТЕРИ

Карама каршылыктардын биримдиги менен күрөшүнүн мыйзамы өнүгүнүн булактары менен себептерин көрсөтүп берсе, сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөрго өтүү мыйзамы өнүгүүнүн механизмдерин ачып берет. Ал сандык өзгөрүүлөр белгилүү бир чекке жеткенде изилденип жаткан объект жаңы сапатка өтүп кетээрин көрсөтөт.

Кеңири сөз кылынып жаткан ***модерн доору*** азыркы мезгилде башка сапаттык абалга өтүп бара жатат. Бир жагынан, дүйнөлүк коомчулук модернге мүнөздүү болгон белгилерден ажыраса, экинчи жагынан, анын жаңы сапаттык абалын идентификациялоого мүмкүндүк берген өзгөчө белгилер окумуштуулар тарабынан табыла элек. *Айкын эместик, аныксыздык* – азыркы мезгилдеги дүйнөлук коом башынан өткөрүп жаткан абалдын мүнөздүү белгилери. Француз философу *Ж. –Ф. Лиотар* мындай абалды *«постмодерндин жагдайы»*[1] деп атаган. Анын *«постмодернизм»* деп аталган термини учурдагы доорду мүнөздөө үчүн илимий чөйрөдө кеңири оозго алынган түшүнүктөрдүн бирине айланууда.

Постмодернизм (сөзмө сөз: модернден кийинки) – бул жаңы доор, жаңы маданият, же негиздүү баалуулуктардын жаңы системасы эмес. Бул модерн доору аяктагандан кийинки адамзат коому менен маданиятынын өзгөчө абалы болуп саналат.

Француз философу, постмодернист *Ж. Деррида* соңку модерндин адамы аныксыз жана түшүнүксүз нерселер менен кубулуштарга толгон «Кудайы өлүп», рухий дөөлөттөрдөн ажыраган дүйнодө жашайт деген. Мындай адам кийинки көз ирмемде эмне болуп кетээрин билбейт, анын жашоосу олку-солкулукка, эртеңкиге карата толук ишенимдин жоктугу, азыр эле айтылган убада заматта бурмаланып кетип, сөз менен кептин кунары кеткен жагдайлар менен мүнөздөлөт. Бирок, ошого карабастан, алар ыймансыз ыкмалар, жосунсуз жоруктар, күч колдонуу, же зомбулук көрсөтүү жолу менен турмуш жолун оңоп алуу үчүн толгон-токой мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Модернге негизделген бүгүнкү цивилизациянын келечек тагдыры ***ааламдык (глобалдык)*** (латынчадан globus – Жер шары, англисчеден global – бүткүл дүйнолүк) ***проблемалар*** менен да тыгыз байланыштуу. *Ааламдык (глобалдык) проблемалар* деп бүткүл адамзаттын планетардык масштабдагы болмушу үчүн өтө зарыл, терең мааниге ээ проблемаларынын жыйындысы аталат. Мындай проблемалардын чечилишинен социалдык прогресс менен цивилизацияны андан ары сактап калуу маселеси шартталган. Эреже катары, мындай өңүттөгү болмуш маселеси дүйнөдөгү туруктуулук менен

[1] Лиотар Ж.Ф. Состояние постмодерна. – СПб.1998.

стабилдүүлүк бошоңдоп, *Шекспирдин Гамлетине* окшоп *«болуу же болбоо»* деген суроого жооп берүү зарылдыгы, эртеңки турмуш тууралуу күмөндөр абалдар жаралган жагдайларда өтө курч коюлат.

XX кылымдын 80-жылдарынан тартып *постмодернизм доору «ааламдашуу» («глобализация»)* процесси менен байланышкан идеяга алмаша баштаган. Жалпы жонунан *«ааламдашуу»* термини экономиканы интернационалдаштыруу, дүйнолүк байланыштардын бирдиктүү системасын өнүктүрүү, улуттук мамлекеттердин функцияларын өзгөртүү же начарлатуу, транснационалдык мамлекеттик эмес түзүлүштөрдүн (алардын ичинде этникалык диаспоралардын, диний кыймылдардын, мафиялык топтордун ж.б.) ишмердүүлүгүнүн активдешүүсү менен байланышкан бир катар процесстер менен байланышкан көрүнүш болуп саналат[2].

Белгилүү болгондой, дүйнөдөгү нерселер менен кубулуштар өзүнүн пайда болуусунун, өнүгүүсүнүн жана өлүп, жок болуусунун белгилүү бир *себептерине* ээ.

Учур шарттарында исламды модернизациялоонун маңызы менен багытына жасалган философиялык-методологиялык анализ төмөнкүдөй жагдайларга байланыштуу актуалдуу мүнозгө ээ деген пикирдебиз. *Биринчиден,* кийинки кездерде *дин* коом менен мамлекеттин жашоо-турмушунда байкалаарлык роль ойноп бара жатат. Жагдайдын татаалдыгы конфессиялардын санынын кескин өсүшү, фундаментализмдин ар кыл вариацияларынын жайнап кетиши, салттуу эмес диний багыттардын (адвентисттердин, бахаисттердин, кришнаиттердин ж.б.) ишмердүүлүгүнүн активдешүүсү менен мүнөздөлөт. Мындай жагдай диний негизде жаралган чыңалуу, кооптонуу чөйрөсүн аргасыз түзөт.

Жалпы жонунан исламдык жана христиандык дин кызматкерлери үчүн уламдан улам саны өсүп жаткан диний конфессияларга карата терсаяктык көрсөтүү, аларга жол бербөө аракеттерин көрүү мүнөздүү. Мисалы, мусулман муфтийлери ислам динин ойго салган, кооптондурган курч маселелердин бири катары «эмиссарлары бүткүл республиканы каптатып жиберген ар кыл секталардын идеялык экспансиясын» аташат2. Күндөлүк басма сөз маалыматтарынын анализи өлкө үчүн салттуу болуп саналган диний багыттар (ислам, православие) менен жаңы диний агымдардын, бир улуттун өкүлдөрү менен ар кыл диний ишенимдердин ортосундагы диний мамилелердеги кайчы көз караштарды аныктаган[3]. Мындай кайчы пикирлер мусулман кыргыздар менен мусулман христиандардын ортосунда болуп кеткен кагылыштар сыяктуу ачык түрдөгү жаңжалдарга өтүп кетүү тенденциясына ээ деген божомолдор да арбын айтылып жүрөт.

---

2. Интервью с муфтием мусульман Кыргызстана Кимсанбай ажы // Слово Кыргызстана. - 1995.- 20 февраля.

3. Дикамбаев А. Что угрожает национальной безопасности // Слово Кыргызстана. - 1996. - 29 августа; Султанбаев М. Христианизация кыргызов или упадок национальной духовности // Республика. - 1996.- 14 мая; Омуралиев Н. Ориентир Кыргызстана – промышленно-развитые страны // Республика. - 1996.- 25 июня.

Экинчиден, ааламдашуу (глобализация), вестернизация жана маданий декаденстин шарттарындагы идеологиялык, саясий, диний жагдайларга байланыштуу айрым диний агымдар тарабынан исламды модернизациялоо боюнча тигил, же бул деңгээлдеги иштер жүргүзүлүп жатат. Алардын далалаттарын эске алуу менен бул динди модернизациялоонун тактикасы менен аны философиялык негиздөөнүн ыкмаларын изилдөөгө байланышкан өтө курч зарылдык жаралат. Мындай өңүттөгү ой-пикирлер исламды модернизациялоонун көп кырдуу жактары менен анын практикалык багытын терең ачып берүүгө көмөкчү болот деген пикирдебиз.

Үчүнчүдөн, ааламдашуунун шарттарында исламды модернизациялоо а) *башка дүйнөлүк диндердин баарына*, б) *башка өлкөлөрдөгү ушул эле диндин (исламдын) модернизациясына* да таандык бир катар жалпы белгилерге ээ. Ошол эле мезгилде исламдын модернизаторлорунун ишмердүүлүгү биздин өлкөгө мүнөздүү карама каршылыктар менен коштолууда. Исламды модернизациялоонун ар кандай *убакыт* менен *мейкиндик ченемдеринде* бирдей маңызга, мазмунга жана формага ээ болбогон объективдүү шарттарын ачып берүүдө *жалпы менен жекени диалектикалык биримдикте* кароо өтө актуалдуу деген ойдобуз.

Төртүнчүдөн, каалагандай диндин максаты болуп адамдардын акыл-эси менен ички жан дүйнөсүнө таасир берүү саналат. Ааламдашуунун шарттарында исламдын модернизаторлору бул максатты ар кандайча ишке ашырууда. Алардын тактикалык жоболору ири алдыда илимдин, илимий техникалык революциянын, маданияттын, адам проблемаларынын, адамдардын өз ара аракеттенишүүсү жана керектөөлөрүнүн ролун, функцияларын чечмелөө менен байланышкан. Кыргыз Республикасында гана эмес, бүтүндөй Чыгыштын мусулман өлкөлөрүндөгү исламды модернизациялоонун бүтүндөй системасына жүргүзүлгөн илимий жана философиялык-методикалык анализ сөз болуп жаткан феноменди туура чечмелөө, түшүүнү жана түшүндүрүү үчүн зарыл болуп саналат.

Башка диндер сыяктуу эле ислам да коомдук болмуштун тез өзгөрүп туруучу социалдык-саясий, маданий жана башка факторлорунун таасирине арбын чалдыгып келген. Ошол себептен, динчил-модернисттер Курандын «керемет» тексттерин жаңылоо, өзгөртүү, жакшыртуу тууралуу Ыйык Китептеги төмөнкүдөй пикирге көп кайрылышат: «Тигил же бул аятты четке кагып, аны унутууга мажбурлаган ар бир учурда биз ошол аяттын андан да мыкты, же ага окшош башкасын келтиребиз»[4], «биз бир белгини башкасы менен алмаштырабыз…»[5]. Өздөрүнүн модернисттик маанайдагы ниеттерин актоо максатында айрым мусулман дин кызматкерлери төмөнкүдөй мазмундагы хадиске басым жасашат: «Ар бир кылымда менин жамаатымда Аллахтын дини менен Суннаны кайрадан жандандырып туруучу адам пайда болот». Мындай жол-жобо аларга ислам менен культун дүйнөдө болуп жаткан социалдык, саясий жана экономикалык өзгөрүүлөр менен

4 Куран.- Сура 2.- Аят 100.
5 Куран.- Сура 16.- Аят 103.

макулдатууга, мусулман дининин окуусундагы идеология менен практикага новацияларды, жаңылыктарды киргизүүгө укук бергенсийт[6].

Ошол эле учурда диний жоболор менен культтун айрым өзгөрүүлөрү да, айрым дин кызматкерлеринин учурдагы актуалдуу маселелерге карата сунуш кылган прогрессивдүү позициялары да диний идеологиянын негизги принциптерин, динге мүнөздүү болгон дүйнөнү иллюзордуу чагылдыруунун өзгөчөлүктөрүн өзгөртө албайт. Кылымдар бою мындай өзгөрүүлөр ислам культунун негизги эмес, экичилик жактарын гана *«жаңылоо»* менен чектелип келишкен. Ошону менен катар эле модернисттер өздөрүнүн исламдын негизги принциптерине жан-дили менен берилгендиктерин дайыма баса белгилеп келишкен жана аны баса белгилөөнү азыркы күндө да улантышууда.

Айтылгандардан көрүнүп тургандай, исламдын модернизациясы учурдагы көз каранды эмес Кыргыз Республикасына гана тиешелүү маселе эмес. Бул мусулман динин туткан Чыгыш мамлекеттеринин баарына таандык болгон жалпы процесс болуп саналат. Ал тургай, исламдын мекени болуп саналган араб өлкөлөрүндө да көп кылымдык тарыхка ээ бул диндин азыркы кезде болуп жаткан айрым жаңылануларына көңүл бурган, маани берген *«учурдагы ислам» («современный ислам»)* деген термин арбын колдонулуп бара жатат[7].

Жогоруда аталган себептер мусулман динчилдерин руханий маселелер менен «тиги дүйнө» тууралуу диний жоболордон сырткары, азыркы учурда, өзүбүзгө жанаша жашап жаткан адамдардын кадыресе, б.а. динден сырткары жашоо-тиричилигине көңүл буруп, алардын рынок мамилелери менен коштолгон эмгекке, үй-бүлөлүк баалуулуктарга, илим менен маданияттын жетишкендиктерине жаңыча мамиле жасоого мажбурлоодо. Мындай себептердин натыйжаларын түшүндүрүп келип, айрым авторлор мындай деп жазышат: «Булардын баарын ислам дөөлөттөрүн кайрадан баалоосуз, диний ишенимди бекемдөөнүн методдорун кайрадан карап чыгуусуз ишке ашыруу мүмкүн эмес. Ошол себептен, улемдин айрым диний кызматкерлери өз жамаатынын мүчөлөрүн диний ынанымда бекемирээк кармап калуу максатында исламды «жаңылоо», аталган динди учур талабына ылайыкташтыруу тууралуу либералдык жана реформисттик идеяларды сунуш кылууга аргасыз»[8].

Ошентип, объективдүү жана субъективдүү кырдаалдардан улам модернизацияланууга дуушар болуп жаткан салттуу коомдор учурда социалдык интеграциянын, ааламдашуунун таасирине кабылууда, анын

---

6 Керимов Г. М. Ислам и его влияние на общественно-политическую жизнь народов Ближнего и Среднего Востока. – М., 1982. – С. 8.

7 Агасиева Э. А. кызы. Философско-методологические аспекты модернизации ислама в современной Турции: Дис. ...канд. филос.наук. – Баку, 1983; Мамедов М. Д. Ислам и современная идеологическая борьба. – Баку, 1990. Саттаров М. М. Модернизм в исламской религии. – Баку, 1971.

8 Артыков А. Сущность модернизации идеологии ислама: – Автореферат докторской диссертации, Ташкент: 1966. – С. 14.

ичинде исламды учур талаптарына ылайыкташтыруу, модернизациялоо маселелери курч мүнөз күтүүдө.

Адабияттар:

1. Лиотар Ж.-Ф. Состояние постмодерна. - СПб. 1998.
2. Кузнецов В. Что такое глобализация? // Мировая экономика и международные отношения. – 1998. - № 2. – С. 13.
3. Дикамбаев А. Что угрожает национальной безопасности // Слово Кыргызстана. - 1996. -29 августа; Султанбаев М. Христианизация кыргызов или упадок национальной духовности // Республика. - 1996. - 14 мая; Омуралиев Н. Ориентир Кыргызстана – промышленно-развитые страны // Республика. - 1996. - 25 июня.
4. Коран Пер. Османова И.К. – М., 1991.
5. Керимов Г. М. Ислам и его влияние на общественно-политическую жизнь народов Ближнего и Среднего Востока. – М., 1982. – С. 8.
6. Агасиева Э. А. кызы. Философско-методологические аспекты модернизации ислама в современной Турции. Дис. …канд. филос. наук. – Баку, 1983; Мамедов М. Д. Ислам и современная идеологическая борьба. – Баку, 1990. Саттаров М. М. Модернизм в исламской религии. – Баку, 1971.
7. Артыков А. Сущность модернизации идеологии ислама. – Автореферат докторской диссертации, Ташкент; 1966. – С. 14.